КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

«29» марта 2019ж. Бишкек ш. № 1/59

«КМТУда жарандык коргонуунун
штабы жана иш-чаралары жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.05.2018-ж. №54 "Жарандык коргонуу жөнүндө" Мыйзамына жана 01.07.2011-ж. №349 "Жарандык коргонуунун түзүмдөрү жөнүндө" Жобосуна, ошондой эле 10.12.2014-ж. Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук администрациясынын Токтомуна ылайык университетте жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү, ошондой эле күтүлбөгөн өзгөчө кырдаалдардын алдын-ала жоюу максатында **буйрук берем:**

1. Жарандык коргонуу (ЖК) боюнча милдеттер төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн:
   - АЧИ боюнча проректор А. Р. Бекбоевге – жарандык коргонуу комиссиясынын төрагасынын милдети;
   - ОИ боюнча проректор М. К. Чыныбаевге - эвакуациялоо комиссиясынын төрагасынын милдети.
2. Жарандык коргонуу штабы төмөндөгү курамда бекитилсин:

Башчы - Абдрахманова Б. С., КТЭКЖКБ башчысы.
Башчынын жардамчылары:
- иш жүргүзүү жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча - Ибраев Д. Ш., КТЭКЖКБнын адиси;
- түзүмдөр боюнча - Иманалиев А. М., башкы инженер.

3. Өзгөчө кырдаал жаралганда куткаруу иштерин тез арада жүргүзүү үчүн төмөндөгү курамдардагы объекттик түзүмдөр түзүлсүн:
   - чалгындоо тобу – 10 адам;
   - кабарлоо жана байланыш тобу – 5 адам;
   - кырсык-техникалык тобу – 8 адам;
   - санитардык кошуун – 4 адам;
   - коомдук тартипти сактоо тобу (кошумча эвакуациялоо милдеттерин аткаруу менен) - 15 адам;
   - өрт өчүрүүчү кошуун – 16 адам;
   - куткаруу командасы – 19 адам.

4. Объекттик түзүмдөрүнүн курамдары бекитилсин (Тиркеме 1).

5. КМТУнун куткаруу командасы Бишкек ш. Биринчи май райондук ЖКнын аймактык түзүмүнүн курамына киргизилди деп эсептелсин.

6. ЖКнын маселелерин кабарлоо тартиби:

- ***иш убагында:***

- кабарлоо жана байланыш тобу жетекчилер курамына, ЖК түзүмдөрүнүн командирлерине жана башкаларга түзүлгөн схема боюнча кабар берүүнү жүргүзөт.

- ***иштен тышкаркы убакта:***

- өзгөчө кырдаал жаралганда нөөмөттүн кезметчиси тез арада нөөмөт кызматынын башчысына, ректорго, КТЭКЖКБнын башчысына, кабарлоо жана байланыш тобуна кабар берет;

- кабарлоо жана байланыш тобунун командири кабарлоону университетте түзүлгөн схема боюнча уюштурат;

- бөлүмдөрдүн жетекчилери жана декандар өздөрүнүн карамагындагыларга кабарлоону алдын-ала белгиленген түрдө жүргүзүшөт.

7. Университеттин объекттик түзүмдөрүнүн командирлери жана мүчөлөрү үчүн ЖКнын функционалдык милдеттери, уюштуруу иштери жана маселелери боюнча ЖК штабы окутууну уюштуруп, өткөрсүн.

8. Университетте жарандык коргоонуу боюнча жалпы жетекчиликти өзүмө калтырам.

9. 06.10.2017-ж. №1/171 "И. Раззаков атындагы КМТУнун жарандык коргонуу штабын түзүү жөнүндө" буйругу жокко чыгарылсын.

10. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жарандык коргоонуу боюнча комиссиянын төрагасы - АЧИ боюнча проректор А. Р. Бекбоевге жүктөлсүн.

Ректор М. Дж. Джаманбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов